## Депозиттер

*(2014-жылдын 12 айы)*

2014-жылдын январь-декабрь айларында коммерциялык банктардын депозиттер рыногунда депозиттик базанын 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көбөйүшү байкалган, бул негизинен, чет өлкө валютасындагы депозиттер көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




Жыл ичинде кабыл алынган улуттук жана чет өлкө валюталарындагы депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү бир аз өзгөргөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктарын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 22,6 пайызга көбөйүү менен 82,5 млрд сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын валюталык түзүүчүсүнүн 41,6 пайызга, 46,5 млрд сомго чейин өсүшүнө байланыштуу болгон. Сом түрүндөгү аманаттар 4,5 пайызга, 36,0 млрд сомго чейин көбөйгөн.

2014-жыл жыйынтыгы боюнча курстун өзгөрүүсүн эске алуу менен депозиттик базанын долларлашуу деңгээли 4,1 пайыздык пунктка, 51,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде депозиттик базанын убактылуу түзүмүндө депозиттик базананын мөөнөттүү аманаттарынын – 44,9 пайызга (+5,9 пайыздык пункт) көбөйүшү белгиленген. Банктардын кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттериндеги үлүшү, тескерисинче 21,9 пайызга чейин (-3,4 пайыздык пункт), эсептешүү эсептериндеги каражаттардын үлүшү 33,2 пайызга чейин (-2,5 пайыздык пункт) төмөндөгөн.

Рыноктун концентрациялануу индекси 0,10 деңгээлинде сакталган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине ылайык келет жана рынокто бирдей үлүштөгү он катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсүнүн көбөйүшү белгиленген. 2014-жылдын январь-декабрь айларында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 36,5 пайызга көбөйүү менен 392,8 млрд сомду түзгөн.

---

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эсепке алынбайт.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсүнүн көбөйүшү белгиленген. 2014-жылдын январь-декабрь айларында жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмү 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 36,5 пайызга көбөйүү менен 392,8 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган аманаттар көлөмү 179,5 млрд сомду (+22,8 пайыз), чет өлкө валютасында – 213,2 млрд сомдук эквивалентти түзгөн (+50,7 пайыз).

Түзүмдөр боюнча жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү талап боюнча депозиттердин 34,7 пайызга жана мөөнөттүү депозиттеринин 50,3 пайызга көбөйүшү менен камсыздалган. Мында, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин үлүшү мөөнөттүү депозиттер үлүшүнүн (11,6 пайыздан 12,7 пайызга чейин) пропорционалдуу кеңейиши менен 88,4 пайыздан 87,3 пайызга чейин төмөндөгөн, бул негизинен, кыска мөөнөттүү депозиттер көлөмүнүн эсебинен жүргөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 0,17 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,50 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 10,96 пайызды (+1,42 пайыздык пункт), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча – 2013-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 0,04 пайыздык пунктка төмөндөө менен 1,38 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,88 пайызды түзгөн (+0,12 пайыздык пункт). Мында, чет өлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,12 пайызга (+0,01 пайыздык пункт), мөөнөттүү депозиттер боюнча – 5,86 пайызга чейин (-0,08 пайыздык пункт) жогорулаган.